КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясынын ТОКТОМУ

25 - февраль 2026-жыл №11 Казарман айылы

Муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу боюнча маалыматтарын угуу жана жазгы талаа иштерине даярдык, коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү , жашылдандыруу, көчө жарыгынын абалы тууралуу маселелерди кароо

Каргалык айылдык кеңешинин алдындагы «Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасы Жолокеев Нурадил Турсунбековичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат:**

1. Муниципалдык жерлердин, парктардын жана эс алуу жайларынын абалы боюнча маалымат угулгандыгы эске алынсын.
2. Жазгы талаа иштерине даярдык көрүү уюштуруу иштерин күчөтүү тапшырылсын.
3. Коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу иштери жүргүзүлсүн.
4. Көчө жарыктарынын абалын жакшыртуу жана оңдоо иштерин жүргүзүү милдеттендирилсин.
5. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл аймагынын өкмөт башчысы М.Ж.Олжотоевге тапшырылсын.
6. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
7. Бул токтомду көзөмөлдөө “Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы **Т.И.Токтоболотов**